УДК 37.091.3
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-10-14

**ДУЙШЕНБИЕВА Д.А., КОҢУРБАЕВА Т.Д.**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети
**ДУЙШЕНБИЕВА Д.А., КОНУРБАЕВА Т.Д.**
Международный университет Кыргызской Республики
**DUISHENBIEVA D.A., KONURBAEVA T.D.**
International University of the Kyrgyz Republic

# САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ ДООРУНДАГЫ ЖОЖДОРДОГУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# ПРОБЛЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В ВУЗАХ В ЭПОХУ ЦИФРОВОЙ ТРАНСФОРМАЦИИ

# PROBLEMS OF EDUCATION IN UNIVERSITIES IN THE ERA OF DIGITAL TRANSFORMATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала санариптик трансформация доорундагы ЖОЖдордогу билим берүү көйгөйлөрүн изилдөөгө арналган. Маалыматтык технологиялардын тез өнүгүшү жана аларды билим берүү процессине киргизүү менен, жогорку окуу жайлары окутуунун салттуу методикасын адаптациялоону жана кайра карап чыгууну талап кылган бир катар кыйынчылыктарга туш болушат. Иште негизги маселелер, анын ичинде окутуучулардын санариптик сабаттуулугунун жетишсиздиги, инфраструктураны жана окуу программаларын модернизациялоо зарылдыгы, маалыматтардын коопсуздугу жана купуялуулугу маселелери каралат. Жаңы санариптик контекстте окутуучунун жана студенттин ролун өзгөртүүгө басым жасалып, анда гибриддик жана дистанттык окутуу формаларына басым жасалат.

**Аннотация:** Статья посвящена исследованию проблем образования в вузах в эпоху цифровой трансформации. В условиях стремительного развития информационных технологий и их внедрения в образовательный процесс, высшие учебные заведения сталкиваются с рядом вызовов, требующих адаптации и переосмысления традиционных методик преподавания. В работе рассматриваются ключевые проблемы, включая недостаточную цифровую грамотность преподавателей, необходимость модернизации инфраструктуры и учебных программ, а также вопросы безопасности и конфиденциальности данных. Особое внимание уделяется изменению роли преподавателя и студента в новом цифровом контексте, где акцент смещается на гибридные и дистанционные формы обучения.

**Abstract:** The article is devoted to the study of educational problems in universities in the era of digital transformation. In the context of the rapid development of information technologies and their implementation in the educational process, higher education institutions are faced with a number of challenges that require adaptation and rethinking of traditional teaching methods. The paper addresses key issues including the lack of digital literacy among educators, the need to modernize infrastructure and curriculum, and issues of data security and privacy. Particular attention is paid to the changing roles of teacher and student in the new digital context, where the emphasis is shifting to hybrid and distance learning.

**Негизги сөздөр:** санариптик трансформация доору; маалыматтык технологиялар; окуу программалары; модернизациялоо; гибриддик жана дистанттык окутуу.

**Ключевые слова:** эпоха цифровой трансформации; информационные технологии; учебные программы; модернизация; гибридное и дистанционное обучение.

**Keywords:** era of digital transformation; information technology; curriculum; modernization; hybrid and distance learning.

Санариптик трансформация доорунда ЖОЖдордогу билим берүү студенттерди заманбап маалыматтык коомго ийгиликтүү интеграциялоонун негизги фактору болуп калды. Бул макаланын

максаты – санариптештирүү контекстинде ЖОЖдордун заманбап билим берүү көйгөйлөрүн талдоо, аларды жеңүү үчүн практикалык чечимдерди сунуштоо.

Учурда заманбап дүйнөнүн өнүгүшүндө коомдук жашоонун бардык чөйрөсүн санариптөө, ошонун ичинде билим берүү чөйрөсүн да, өзгөчө жогорку окуу жайларында аны киргизүү жана өздөштүрүү орчундуу маселелердин бири болуп турат. Мамлекетти бардык жагынан санариптөө билим берүү системасын модернизациялоо керек экендигин талап кылат.

Бүгүнкү күндө биз санарип технологияларды заманбап жогорку окуу жайынын ар тараптан өнүгүшүнүн өзгөчө бир механизми десек болот. Мобилдүү окутуу технологиялары кайсы убакта жана кайсы жерде болбосун, билим алууга мүмкүнчүлүгү зор [1].

Окуу процессине санариптик технологияларды киргизүүдөн билим берүүнүн санариптик трансформациясына өтүүгө байланыштуу, б.а. Уваровдун пикири боюнча, окутуунун максаттарын жана мазмунун жөн эле өзгөртүү талап кылынбайт – билим берүү ишмердүүлүгүнүн уюштурулушун жана методдорун өзгөртүү, колдонулган инструменттерди жана сервистерди кайра карап чыгуу зарыл [2].

Заманбап санариптик технологиялары тездик менен өнүгүп, көптөгөн санариптик билим берүү чечимдери аркылуу билим берүүгө жигердүү кирип жаткан билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары таанылууда.

Бүгүнкү күндө санариптик трансформация толук жана туруктуу процесс катары таанылууда, бирок бул санариптик инновацияларга карата ар бир окуу жайдын окутуу процессине катышкан субьектиси санариптик компетенцияларын калыптандырууга, өркүндөтүүгө муктаж болууда, ошондуктан санариптик негизге багытталган пландуу жана максаттуу окутуу жана өз алдынча окутуу – билим берүү системасынын алдынкы проблемасы катары каралууда [3].

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө масштабдуу мамлекеттик программалардын алкагында санариптик технологияларды активдүү киргизүү боюнча иштер көптөн бери жүргүзүлүп келет. Белгилей кетүүчү нерсе, бул иш, негизинен, билим берүү процессин уюштуруунун өзгөрүшүнө, тактап айтканда, аны жекелештирүүгө байланыштуу.

Кыргызстанда, башка көптөгөн өлкөлөрдөгүдөй эле, санариптик трансформация билим берүү системасына олуттуу таасирин тийгизүүдө. Студенттер инфраструктуранын чектелгендигинен жана окутуучулардын жетишсиз билиминен улам жеткиликсиз болуп калышы мүмкүн болгон жаңы технологияларды жана санариптик аспаптарды өздөштүрүүгө аргасыз болушууда. Бул студенттердин билим деңгээли менен заманбап эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы ажырымга алып келет. Ошондуктан биринчи кезекте окутуучулардын санариптик сабаттуулугун жоюу эң курч маселелердин бири десек болот.

Окутуучулардын санариптик сабаттуулугу компьютер, программалык камсыздоо, интернет, электрондук окуу материалдары жана башка санариптик аспаптар менен жакшы иштөөдөгү тажрыйбалык компетенттерди, ошону менен бирге маалыматты критикалык баалоо, изденүү жана маалыматтарды талдай билүү көндүмдөрүн өнүктүрүү жана ошондой эле билимди берүүдө жана сунуштоодо санариптик аспаптарды колдонууну билүүсүн камтыйт [4].

Кыргызстанда 2021-жылы ЖОЖдорду «Университет 4.0» моделине трансформациялоонун жол картасы иштелип чыккан [5]. Санариптик трансформациянын келиши жана төртүнчү өнөр жай революциясы менен университеттер барган сайын туташкан дүйнөнүн түрдүү талаптарына ылайыкташуу кыйынчылыгына туш болушууда. Жогорку билим берүүнүн келечеги – бул «Университет 4.0» потенциалын ачуунун жолдорун издеген университеттер, окумуштуулар жана студенттер үчүн чоң кызыгуу жараткан теманын болуп турган учуру.

Эгерде университеттер актуалдуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү бойдон калгысы келсе, алар өзгөрүлүп жаткан санариптик ландшафтты сактап, студенттерге мыкты билим берүүнүн жаңы жана инновациялык жолдорун табышы керек. Бул жогорку сапаттагы билим берүү үчүн технологиянын, онлайн окутуунун жана башка санариптик ресурстардын күчүн колдонууну билдирет. «Университет 4.0» мүмкүнчүлүктөрүн жана кыйынчылыктарын түшүнүү менен, университеттер бүгүнкү студенттердин муктаждыктарына жооп берген жана аларды келечекке даярдаган жаңы окуу толкунун түзө алышат.

Негизги көйгөйлөрдүн бири окуу процессине санариптик технологияларды жетишсиз киргизилиши болуп саналат. Көптөгөн университеттер өз аудиторияларын заманбап жабдуулар жана программалык камсыздоо менен камсыз кылбайт, бул студенттердин натыйжалуу билим

алуусун кыйындатат. Мындан тышкары, билим берүү ишмердүүлүгүндө санариптик каражаттарды эффективдүү колдонууга жөндөмдүү квалификациялуу кадрлардын жоктугу кошумча кыйынчылыктарды жаратууда.

Санариптик трансформация доорунда ЖОЖдордогу билим берүүнүн көйгөйлөрүн жоюу үчүн комплекстүү мамилеси зарыл.

Биринчиден, ЖОЖдордун инфраструктурасын өнүктүрүүгө инвестиция салуу, аларды заманбап жабдуулар жана программалык камсыздоо менен камсыз кылуусу зарыл. Бул студенттерди натыйжалуу окутуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө мүмкүндүк берет.

Экинчиден, билим берүү процессинде санариптик технологиялар жана аларды колдонуу методикасы жаатында окутуучуларга системалуу окутуу жүргүзүү маанилүү. Мындай окуу программалары ЖОЖдордун конкреттүү муктаждыктарына ылайыкташтырылып, алынган билимдерди практикалык колдонууга багытталышы керек.

Мындан тышкары, инновациялык билим берүү программаларын жана долбоорлорун киргизүү аркылуу студенттер арасында санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө түртү берүү маанилүү. Бул санариптик экономика шарттарында натыйжалуу иштөөгө даяр адистерди даярдоого мүмкүндүк берет.

Онлайн окутуунун мыкты тажрыйбаларын вебинарлар, интерактивдүү курстар, мультимедиялык лекциялар ж. б. сыяктуу ар кандай формаларды, методдорун жана жолдорун камтыйт. Дүйнөлүк деңгээлде Coursera, edX жана Udacity сыяктуу ийгиликтүү онлайн окутуу платформалары алдыңкы университеттерден жана ар түрдүү тармактардагы эксперттерден сапаттуу курстарды сунуштайт.

Кыргызстанда да онлайн билим берүүгө кызыгуу өсүп, айрым жогорку окуу жайлар онлайн курстарды жана окутуу платформаларын киргизе башташты. Буга чейин, мисалы, азыркы күндө жогорку окуу жайларында онлайн окутууда кеңири колдонулган Google classroom, Zoom, YouTube channel ж.б.у.с. окутуу платформалары менен сервистерин колдонулуп келсе, кийинки мезгилде мындан жогорку, натыйжалуу жогоруда айтылган сыяктуу плаформаларын, сервистерин ишке ашыруунун үстүндө иштешүүдө.

Биз эмгектенип жаткан КРЭАУда азыркы күндө студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн «Онлайн МУКР» платформасын иштеп чыгып колдонууда. Бул платформаны бүгүнкү күндө колдонууда окутуучулар, студенттердин арасында көп суроолорду туудурууда. Тилекке каршы, ар кандай жаңы ресурстарды кабыл алуудагы ушул сыяктуу оң жагынан жана терс жагы көбүрөөк болууда.

Бирок, онлайн окутуунун кемчиликтеринин арасында бардык студенттер үчүн интернеттин жана технологиялык ресурстардын чектелүү болушун, ошондой эле дистанттык окутууда мотивация жана өзүн-өзү жөнгө салуу көйгөйлөрүн аныктоого болот.

Ал эми артыкчылыктары катары ырааттаманын ийкемдүүлүгүн, дүйнөнүн каалаган бурчунан билим алуу мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле материалды жакшыраак сиңирүүгө көмөктөшүүчү интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонууну камтыйт.

Санариптик трансформация доорунда ЖОЖдордун билим берүү көйгөйлөрүн жеңүү мамлекеттин, ЖОЖдордун, бизнестин жана жалпы коомдун биргелешкен аракетин талап кылат. Санариптик технологияларды жана онлайн окутуунун мыкты тажрыйбаларын жигердүү колдонууга багытталган билим берүүнү өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маанилүү.

Билим берүүнү санариптештирүү жаатында тажрыйба жана алдыңкы тажрыйбалар менен алмашуу үчүн эл аралык өнөктөштөр менен активдүү кызматташуу сунушталат. Бул жаңы технологияларга жана окутуу ыкмаларына көнүү процессин тездетүүгө жардам берет.

Мындан тышкары, санариптик билим берүүнүн калктын бардык катмары, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана алыскы аймактарда жашагандар үчүн жеткиликтүүлүгүнө көңүл буруу зарыл. Атайын колдоо жана адаптациялоо программаларын түзүү билим берүүнү көбүрөөк инклюзивдүү кылууга жардам берет.

Бирок, биз салттуу окутуу ыкмалары менен жаңы технологиялардын ортосундагы балансты сактоону унутпашыбыз керек. Санариптик инструменттер менен классикалык ыкмаларды алмаштыруу эмес, толуктоо катары колдонуу маанилүү. Ушундай жол менен гана сапаттуу жана ар тараптуу билим берүүнү камсыз кылууга болот.

Дистанттык окутуу - билим берүү системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бирок, дистанттык окутуунун мазмунуна да, форматына да, ошондой эле окуучулар үчүн окутуунун индивидуалдуу ыкмаларына да көңүл буруу өтө маанилүү. Мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер ар кандай электрондук маалымат каражаттарын окуу куралы катары колдонууга ылайыкташтыра билүүсү шарт. Мугалимдер ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн эске алган аралыктан окутуунун эффективдүү стратегияларын жана ыкмаларын иштеп чыгышы керек [6].

Макала билим берүүнү санариптик доорго адаптациялоонун татаал проблемасын карап чыгуу аракети болуп саналып жана бул милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн бир катар практикалык сунуштарды беребиз:

- Технологияларды интеграциялоо: окутууну интерактивдүү жана жеткиликтүү кылуу үчүн онлайн платформалар, веб тиркемелер, мобилдик тиркемелер жана билим берүү программалары сыяктуу заманбап технологияларды колдонуу.
- Окутуучуларды даярдоо: окутуучуларга санариптик инструменттерди жана технологияларды колдонуу боюнча, аларды окутууда оңой колдоно алышы үчүн тренингдерди өткөрүү.
- Онлайн курстарды иштеп чыгуу: студенттер өздөрүнө ыңгайлуу убакытта жана жерде окуй алышы үчүн ар кандай предметтер жана деңгээлдер үчүн онлайн курстар менен окуу программаларын түзүү.
- Жекелештирилген окутуу: ар бир окуучунун муктаждыктарына ылайыкташа алган адаптацияланган билим берүү технологияларын колдонуу, аларга жекелештирилген окуу тажрыйбасын берүү.
- Келечектеги көндүмдөрдү өнүктүрүү: студенттерге санариптик доордо ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон программалоо, критикалык ой жүгүртүү, баарлашуу жана кызматташуу сыяктуу көндүмдөрдү үйрөтүү.
- Байланыш тармактарын түзүү: санариптик окутуу үчүн мыкты тажрыйбаларды жана ресурстарды бөлүшүү үчүн башка билим берүү мекемелери жана уюмдары менен байланыш түзүү.
- Натыйжалуулукту баалоо: санариптик окутуунун натыйжалуулугун баалоочу жана натыйжаларды жакшыртуу үчүн тийиштүү оңдоолорду киргизген баалоо системасын иштеп чыгуу.
- Студенттерди тартуу: студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттыруу үчүн вебинарлар, онлайн талкуулар, долбоордук тапшырмалар жана оюн элементтери менен окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу.
- Жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу: бардык студенттердин, анын ичинде интернетке же компьютерге кирүү мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн билим берүү ресурстарына жана технологияларына жетүүнү камсыз кылуу.
- Гибриддик окутуу модели: ийкемдүү жана эффективдүү окуу тажрыйбасын түзүү үчүн салттуу жана санариптик окутуу ыкмаларын айкалыштырган гибриддик окутуу моделдерин иштеп чыгуу.

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттин, билим берүү мекемелеринин жана бүтүндөй коомдун биргелешкен аракети менен гана санариптик трансформация доорунда жогорку сапаттагы билим берүүнү камсыздай алабыз.

## Колдонулган адабияттар

1. Дуйшенбиева Д.А., Молдалиева Ч.Ж. Проблемы цифровизации в современном учебном заведении // V Международная научно-практическая конференция «Современные проблемы и тенденции развития дополнительного профессионального образования». – Москва, 7 апреля 2022 г., 77-81-бб.

2. Уваров А.Ю. Образование в мире цифровых технологий: на пути к цифровой трансформации. – Москва: Изд. дом ГУ-ВШЭ, 2018, 168 с.

3 Раимкулова А.С., Зулпуева К.А. Санариптик билим берүү технологиялар: жасалма интеллект // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, №1 (117), 51-55-бб.

4. Доолбекова Ж.Б., Мамбетакунов У.Э., Абдыбекова Н.А. Формирование цифровой грамотности учителей в Кыргызстане // Alatoo Academic Studies, 2024, №1, 70-81-бб.

5.Режим доступа: https://kaktus.media/doc/438894_v_ministerstve_obrazovaniia_i_nayki_razrabotali_programmy_transformacii_vyzov.html/

6. Асанова М.С. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы аралыктан окутуу маселелери // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2022, №2 (110), 43-49-бб.